ОБСЕ ШАЙЛООНУ БАЙКОО МИССИЯСЫ

**Парламенттик Шайлоо, Кыргыз Республикасы, 16 Декабрь 2007**

**ПРЕСС БИЛДИРҮҮ**

# Кыргызстандагы шайлоо ОБСЕнин бир нече талаптарына жооп бербей калды

БИШКЕК, 17- Декабрь, 2007- жыл – Кыргызстанда 16- Декабрда өткөн парламенттик шайлоо ОБСЕнин айрым талаптарына жооп берип, учурда плюрализмдин бар экенин көрсөткөнү менен, бул уйумдун дагы бир нече талаптарына жооп бербей калды. ОБСЕнин Шайлоону байкоо миссиясынын бүгүн берилген билдирүүсүндө: "Эгер 2005- жылдагы президенттик шайлоодо байкалган прогрессти уланткыбыз келсе, анда мындан ары да аракеттер жана саясий эрк зарыл болот" деген жыйынтык чыгарылган.

Жалпысынан алганда, бул шайлоо колдон кетирилген мүмкүнчүлүк болуп, шайлоо процессин жакшыртууга болгон коомчулуктун үмүтүн актай албады.  Алдыңкы кандидаттарды шайлоо тизмесинен алып салуу мунун бир мисалы боло алат.  Добуш берүү жалпысынан тынч абалда өткөнү менен, добуштарды саноо жана таблицага киргизүү процесстин айкындыгына жана тактыгына ишенбестик туудурду.  Буга атайын укугу жок адамдарын шайлоо участкаларында жүрүшү, протоколдорду түзүүдөгү проблемалар жана процедураларды ойлонулган түрдө бузуулар себеп болду.

"Кыргыстанда буга чейинки эки шайлоодо ОБСЕнин шайлоону байкоо миссиясын жетектеген адам катары, шайлоо процессинде артка чегинүү болгонуна ичим ачышат.  Бул кетирилген мүмкүнчүлүк мен көрүп келген саясий плюрализмди бошоңдотту" – деди ОБСЕнин кыска мөөнөттөгү байкоочулар тобунун атайын координатору жана ОБСЕнин Парламенттик Ассамблеясынын делегациясынын жетекчиси Киммо Кулюнен.

ОБСЕнин Демократия институттары жана адам укуктары бөлүмүнүн (ДИАУБ) шайлоону узак убакытта байкоо миссиясын жетектеген Николай Вулчанов мындай деп айтты: "Негизги адам укуктары менен айкындыкка болгон урмат жана ишенич кол кармашып жүрөт, ошондуктан жалгыз плюрализмди сактоо шайлоону жакшы өткөрүү үчүн жетишсиздик кылат.  Бул шайлоо процессинде айкындыкка туудурулган ишенбестик, Борбордук шайлоо комиссиясынын иш аракеттери менен бирдикте, тынчсызданууну жаратат".

Шайлоочулардын тандоосуна түрдүү партиялар коюлду, бирок кандидаттардын тизмелерин каттоо баарына бирдей болбоду жана бардык каалагандарды камтый албады.  Массалык маалымат каражаттары, өзгөчө мамлекеттик каражаттар, шайлоочулардын билип тандоосун камсыз кылууга жетиштүү жана тең салмактуу маалымат бере алышпады.  Үгүт иштери жөнүндө маалыматтар чектелип, партиялар эфир убактысын сатып алууда кыйынчылыктарга дуушар болушту.

Бул шайлоо жаңы шайлоо системасы астында өттү, добуштарды парламенттеги орунга которуу да жаңы болду.  Шайлоочулар мамлекеттеги бардык шайлоочулардын пайызы катары аныкталган, эки бөлөк босогодон өтүштү.  Мындай система, анын өлкөдөгү абалды туруктуу кылууга багытталат деген ишендирүүлөргө карабай, пропорционалдык өкүлчүлүккө жетүүнү кыйындатып, шайлоолордун бүтпөгөн чыйырына алып барышы мүмкүн.

Борбордук шайлоо комиссиясы жалпысынан ачык маанайда иштегенине карабай, айрым маанилүү талкууларды жабык эшик артында өткөрдү. Шайлоонун негизги эрежелеринин узакка созулган анык эместиги саясий партиялардын туруктуу деңгээлде жыйынтыктуу үгүт иштерин жүргүзүүсүнө терс таасирин тийгизди. Жаңыдан түзүлгөн Ак Жол партиясын колдоого административдик ресурстардын багытталышы жөнүндө көптөгөн сөздөр болду.


*Толук маалымат алуу үчүн төмөндөгү адамдарга кайрылыңыз*:
*Урдур Гуннарсдоттир, ОБСЕ ДИАУБ, тел.: +996 777 179 625, urdur@odihr.pl*
*Андреас Бейкер, ОБСЕ ПА, тел.: +996 777 179 619 andreas.baker@oscepa.dk*